КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

МИНИСТЕРСТВО
ОБРАЗОВАНИЯ И НАУКИ
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

# БУЙРУК
# ПРИКАЗ

16.08.2022 № 1592/1

Бишкек ш.
г. Бишкек

**Жалпы билим берүү уюмдарын**
**аккредитациялоо маселелери жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 30-мартындагы №189 "Билим берүү уюмдарын аккредитациялоо чөйрөсүндөгү айрым маселелер жөнүндө" токтому менен бекитилген билим берүү уюмдарын жана программаларын аккредитациялоонун тартибине ылайык билим берүүнүн сапатын тастыктоо процедурасынын максаттарынын жана принциптеринин так сакталышын камсыз кылуу жана *коррупциялык тобокелчиликтерди кыскартуу* максатында ***буйрук кылам:***

1. Мамлекеттик жана муниципалдык жалпы билим берүү уюмдарын жана программаларын аккредитациялоого кетүүчү чыгымдар республикалык бюджеттин эсебинен каржылангандыктан райондук (шаардык) билим берүү бөлүмдөрүнүн (башкармалыктарынын, борборлорунун) жетекчилерине аккредитациялоо иш-чаралары менен байланышкан маселелер боюнча акча каражаттарын жыйноонун алдын алуу милдеттендирилсин;

2. Мыйзамсыз каражаттарды жыйноого жол бергендиги үчүн мектептин директоруна, директордун орун басарларына жана райондук (шаардык) билим берүү бөлүмдөрүнүн (башкармалыктарынын, борборлорунун) жетекчилерине жоопкерчилик жүктөлсүн.

3. Ушул буйрук менен райондук (шаардык) билим берүү бөлүмдөрүнүн (башкармалыктарынын, борборлорунун) жетекчилери жана бардык кызматкерлери, райондун (шаардын) аймагында жайгашкан бардык мамлекеттик жана муниципалдык мектептердин директорлору жана директордун орун басарлары жазуу жүзүндө тааныштырылсын.

4. Бул буйруктун аткарылышын көзөмөлдөө Аккредитациялоо секторуна жүктөлсүн.

**Министрдин орун басары** **Н.С. Джусупбекова**